Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

М. ИСАКОВА, Р. ХАСАНОВ,
Б. ХАЙДАРОВ, А. СУЛАЙМАНОВ,
С. ЖУМАНИЯЗОВА, Б. АЗИМОВ

# КӨРКӨМ СҮРӨТ ӨНӨРҮ

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
3-классы үчүн окуу китеби

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим
берүү министрлиги бекиткен*

ТАШКЕНТ
«YANGIYO'L POLIGRAF SERVIS»
2014

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Рецензенттер:** *Г. Амирова* – Кары Ниязий атындагы ӨзПИИИнун илимий кызматкери;

*А. Муртазаев* – Ташкент шаарынын Хамза районундагы 78-мектептин мугалими;

*Н. Боймуродова* – Республикалык билим берүү борборунун методисти;

*О. Ражабова* – Ташкент шаарынын Хамза районундагы 155-мектептин мугалими.

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР:

 — активдештирүүчү суроолор жана тапшырмалар

 — практикалык көнүгүү жана тапшырмалар

 — кызыктуу тапшырмалар

 — кайталоо үчүн суроолор жана тапшырмалар

 — үйрөнүү жана эсте тутуу зарыл

 — үйгө берилген тапшырмалар

* — таланттуу балдар үчүн тапшырмалар

 — сабактын аякталышы

**«Мамлекеттик бюджет каражаттары эсебинен ижара үчүн басылды».**

**ISBN 978-9943-309-72-2**

© «Yangiyo‘l poligraph service», 2014
© М. Исакова, С. Жуманиязова, 2014.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БАЛДАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ҮЙҮ — СҮЙҮКТҮҮ ЖАЙ






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СҮРӨТ ТАРТУУ ҮЧҮН ЖАЙ ДАЯРДОО ЖАНА НЕРСЕНИН ӨЛЧӨМҮН АНЫКТОО




Сүрөт тартып жатканда жарык нуру сен тартып жаткан кагазга сол жагынан түшкөндөй абалда отур.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# I ЧЕЙРЕК



*Г.Абдурахмонов. Акташтагы булак*

**Бул чейректе сен:**

- жай жана күз пейзаждарын тартууну;
- карама-каршы (контраст) түстөрдү жана алардан пайдаланууну;
- мөмөлөр сүрөтүнү иштөөнү;
- төртбурчтук жана жолжол формасындагы оймолорду иштөөнү үйрөнөсүң.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1 «ӨЗБЕКСТАН — МЕНИН МЕКЕНИМ» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ

Мекенибиз — Өзбекстан. Анда биздин ата-бабаларыбыз жашап келишкен. Биз анын таза абасынан дем алып, тунук сууларынан ичип, талааларында өстүрүлгөн жер-жемиштеринен пайдаланыудабыз.



Жогорудагы сүрөттө Мекенибиздин борбору — Ташкенттеги Мустакиллик аянтында орнотулган эстеликтер композициясын көрүп турасың. Бул композиция “Изгилик монументи” деп аталат.

1. Бул эстеликтердин кандай символикалык маанилери бар?
2. Алар жөнүндө айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Г.Абдурахманов. Тоолор*

Сүрөткө карап Мекенибиздин жаратылышы жөнүндө сүйлөп бер.



1. Жогорудагы сүрөттө кайсы майрам сүрөттөлгөн? Ал жөнүндө айтып бер.
2. Майрамдык маанай кандай түстөрдө сүрөттөлөт?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Кыл калемдер.

Боёлуп жаткан беттин чоң-кичинелигине карап жоон, орточо жана ичке кыл калем тандалат.





**Кыл калемден пайдалануунун эрежелери:**

— кыл калемди сууда калтырба;

— кыл калемди жаңы түскө матыруудан мурда аны суууда жууп ал;

— кыл калемди кургак сакта.

**Гуашь** — суууда эрүүчү кургак боёк.

## Гуашь боёктору.



ак сары кызыл

жашыл көк күрөң кара



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Өзбекстан – Мекеним менин» темасында өткөрүлгөн аңгемелешүү негизинде ой жүгүртүп сүрөт тарт.

1. «Өзбекстан – Мекеним менин» темасында аткарылып жаткан сүрөттү аягына чыгар.

2. «Эгемендүлүк майрамы» темасында сүрөт тарт.

Төмөндө берилген сүрөт негизинде Өзбекстан кооз жаратылышы жөнүндө сүйлөп бер.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 2 «ЖАЙ МЕЗГИЛИ — СОНУН МЕЗГИЛ» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ



1. Сүрөттүн негизинде досторуң жайкы каникулду кандай өткөргөнү жөнүндө айтып бер.
2. Сүрөтчү тоо пейзажын тартууда кайсы түстөрдөн пайдаланган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Нерселер байкоочудан алыстаган сайын алардын өлчөмдөрү кичирейип көрүнөт, түстөрү болсо күңүрттөнөт.

**Тоолуу пейзаж сүрөтүн тартуунун баскычтары.**

1



Сүрөттү кагазга жайгаштыруу.

2



Карандаш менен эскизин чийүү.

3



Сүрөттөөнү калемде аягына чыгар.

4



Коюу түстөр менен иштеп чыгуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жайда көргөн-билгендериңдин негизинде «Жай мезгили — сонун мезгил» деген темада жаратылыш көрүнүшүн чагылдырган сүрөт тарт.



Ш. Гафуров. *Тоолуу көл.*

**1.** Класста тартылган «Жай мезгили — сонун мезгил» деген темадагы сүрөттү түстүү калемдер менен боё.

**2***. «Биздин бак» деген темада сүрөт тарт.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 3 АТЛАС КЕЗДЕМЕСИНДЕ ТҮСТӨРДҮН ЧАГЫЛЫШЫ





Өзбекстаныбыз өзүнүн атлас кездемелери менен белгилүү. Өзбекстандын атласы түстөрүнүн ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнүп турат. Аларда түстөрдүн көркөмдүгү чагылдырылган.

1. Жогоруда сүрөттөлгөн атлас кездемелериндеги фигураларга жана түстөрдүн чагылышына көңүл бур.
2. Кездемелерде колдонулган түстөрдүн атын ата.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Түстөрдүн айланасы.



## Түстөрдү алуунун эрежеси.



Түстөрдүн айланасында бири-бирине жакын, жанаша турган түстөрдү аралаштырып жаңы түстү алуу керек. Болбосо кандайдыр бир анык түскө ээ болбогон түстөр пайда болот.

## Акварель боёк менен иштөө.



Кагазга мурдагысы кургабастан туруп сүртүлгөн боёк өз ара аралашып кетет.



Биринчиси кургагандан кийин сүртүлгөн экинчи боёк өз ара аралашпайт.



Боёкко канчалык көп суу аралаштырылса, ал ошончолук ачык түскө кирет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Гуаштын акварелден айырмасы.

Акварелде иштелген сүрөт.



Гуашта иштелген сүрөт.




Гуаштын акварелден айырмасы: гуашь боёгу биринин үстүнө экинчиси сүртүлгөндө анын астындагы боёктун түсү көрүнбөйт. Гуашь боёгу акварелге караганда коюураак иштетилет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Түстөр боюнча көнүгүү.




**Жогорудагы көрсөтмөлөрдүн негизинде түрдүү түстөрдү ал.**




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Атлас үчүн оймо-чийме иштөөнүн баскычтары.





Сүрөттү кагазга жайгаштыруу.





Карандаш менен эскизин чийүү.





Сүрөттү калемде бүтүрүү.




Ачык түстөрдө боёо.




Кочкулураак түстөрдө боёо.





Кочкул түстөр менен иштеп чыгуу.

Жогорудагы усулдун негизинде атлас үчүн оймо-чийме (орнамент) тарт.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





«Тумар»
ханатласы.




«Намазшам гүлдүү»
ханатласы.




«Чакырым табдылы»
ханатласы.




«Кара карга»
ханатласы.

1. Жогорудагы ханатластардан кайсы бири сага жагат?
2. Ханатластарда кандай түстөр иштетилген?

1. Класста иштелген атлас оймо-чиймесин аягына чыгар.
2*. Башка түрдөгү атлас үчүн оймо-чийме тарт.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 4 ЖОЛ СЫМАЛ ОЙМО-ЧИЙМЕ ИШТӨӨ








1. Ар бир оймо-чиймеде иштетилген жасалга гүлдөрдү көрсөт.
2. Оймо-чийменин негизиндеги жана жасалга гүлдөрдөгү түстөрдү өз ара салыштыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Контрасттуу түстөр** — өз ара карама-каршы түстөр.




**Бул түстөр жанаша иштетилгенде бири-бирин ачык-айкын көрсөтөт.**




Көпөлөктүн канатындагы контрасттуу түстөрдүн жуптарын аныкта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Контрасттуу түстөрдүн бири экинчисинин негизинде (фонунда) ачык-айкын көрүнүшүнө көңүл бөл.

Оймо-чиймени иштегенде анын негизи менен жасалгаларынын гүлдөрү контрасттуу түстөрдө боёлот.

**Ак, боз** жана **кара** түстөр — **ахроматикалык** түстөр деп аталат. Калган түстөр болсо **хроматикалык** түстөрдү түзөт.




Ахроматикалык түстөр негизги түстөрдү ачык-айкын көрсөтөт.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Ак куу кара негизде дагы да агыраак болуп көрүнөт. Сары түстүн негизинде болсо анчалык ак болуп көрүнбөйт.

**Жол сымал оймо-чиймелер.**



Бир жасалга гүлдүү (ромашка).




**Эки түрдүү түстөгү бир жасалга гүлдүү (ромашка).**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Эки жасалга гүлдүү.

**Ритм** — оймодо жасалга гүлдөрүнүн кайталанып же болбосо оошуп келиши.

Эки гүлдүү жол сымал оймо-чийме тарт.

1. Төмөндөгү жол сымал оймо-чиймелерде кайсы жасалга гүлдөрүнөн кандай тартипте пайдаланылган?



2. Оймо-чийменин негизи жана жасалга гүлү кандай түстөргө боёлгону оң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**3.** Контрасттуу түстөрдү жуп-жубу менен санап бер.

**4.** Жалбырактын сүрөтүн тартуу үчүн кандай түстөгү негиз (фон) тандалганы оң?







**5.** Белгисиз түстөрдү тап.

1) сары + көк = ? ________

2) кызыл + ? ________ = кызгылт-сары

3) ? ________ + көк = кызгылт-көк

**6.** Төмөндөгү буюмдарды кооздоодо кандай оймолордон пайдаланылган?







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Эки жасалга гүлдүү оймо-чиймени акварелде контрасттуу түстөргө боё.
2*. Эки жасалга гүлдүү жана түстөрү оошуп келген оймо-чиймени иште.



**Уста Якубжан Рауфов**
(1888 — 1974)

Якубжан Рауфов — оймо-чийме боюнча уста, Өзбекстан эл сүрөтчүсү. Оймо-чиймечилик өнөрүн атасы уста Рауф Каландан үйрөнгөн. Уста Якубжан Рауфов Республикабыздын шаарларындагы бир топ коомдук имараттарды кооздоого башчылык кылган.



*Уста иштеген оймо-чийме.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 5 МӨМӨЛӨРДҮН СҮРӨТҮН ТАРТУУ



Өлкөбүздө алтын күз өз себин жайган. Бактарда алма, анар, алмурут, шабдалы, жүзүм, анжирлер, эгинзарларда дарбыз жана коондор бышкан.

Күзүндөгү эң сонун майрамдарыбыздан бири — «Түшүм майрамы» болуп эсептелет.

Түшүм майрамы жөнүндө айтып бер.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Анардын сүрөтүн тартуунун баскычтары.

1




Сүрөттү кагазга жайгаштыруу.

2




Карандаш менен эскизин чийүү.

3




Сүрөттү калемде бүтүрүү.

4




Ачык түстөрдө боёо.

5



Кочкулураак түстөрдө боёо.

6



Кочкул түстөр менен иштеп чыгуу.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Алманын сүрөтүн тартуунун баскычтары.

1



Сүрөттү кагазга жайгаштыруу.

2




Карандаш менен эскизин чийүү.

3




Сүрөттү калемде бүтүрүү.

4




Ачык түстөрдө боёо.

5



Кочкулураак түстөрдө боёо.

6



Кочкул түстөр менен иштеп чыгуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Алма жана анардын натюрмортун тарт.

1. Натурага карап сүрөт тартканда сүрөт кагаздын бетине кандай жайгаштырылышы керек?
2. Натюрморт иштегенде дагы эмнелерге көңүл буруу керек?

1. Класста башталган натюрмортту аягына чыгар.
2*. «Мөмөлөр» натюрмортун тарт.



В. И. Уфимцев. *Баклажандар.*

**Уфимцев Виктор Иванович** (1899 – 1964) — Өзбекстан эл сүрөтчүсү. Ал өзүнүн «Көгүш рюмкалуу натюрморт», «Талаа гүлдөрү», «Баклажандар» сыяктуу натюрморттору менен белгилүү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 6 СКУЛЬПТУРА




*Скульптор Илхам жана Камал Жаббаровдор. Амир Темур.*

1. Улуу бабабыз жаангер Амир Темур жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Жогорудагы фотосүрөттө берилген Амир Темурдун айкели жөнүндө айтып бер.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Илхам Жаббаров** — скульптор, Өзбекстанда эмгек сиңирген көркөм өнөр ишмери, Өзбекстан Көркөм Академиясынын академиги.

Ал Амир Темур, Ал-Ферганий, Жалалиддин Мангуберди, «Эне» сыяктуу айкелдердин автору.



**Илхам Жаббаров**
(1945-жылда туулган)



*Ал-Ферганийдин Ферганадагы колодон иштелген айкели.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Айкелдер иштелүү стилине карата 2 түргө бөлүнөт: ар тараптан айланып көрүүгө ылайыкташкан жана тегиз жайга бөрттүрүп (дөмпөйтүп) иштелген айкелдер.

**Рельефтүү айкел** — тегиз бетке (дубалга) бөрттүрүп (дөмпөйтүп) иштелген айкел.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Рельефтүү айкел жасоонун баскычтары.

1




Пластилинди (ылайды) тактайга кандайдыр бир белгилүү калыңдыкта тегиз төшөө.

2




Жасала турган айкелдин формасын чийип алуу.

3



Жасала турган айкелдин формасын кесип алуу.

4



Стектин жардамында формага жыйынтыктоочу иштөө берүү.

Балыктын рельефтүү айкелин жаса.

1. Рельефтүү айкел деп эмнеге айтылат?
2. Рельефтүү айкел жасоонун баскычтарын айтып бер.

1. Балыктын рельефтүү айкелин жасоону аягына чыгар.
2*. «Оюнчук короз» рельефтүү айкелин жаса.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 7 ТӨРТ БУРЧТУУ ОЙМО-ЧИЙМЕ ИШТӨӨ

## Сайма саюу

Сайма саюу – өнөрчүлүктүн байыркы түрлөрүнөн бири. Палак, сузана, чейшеп, кирпеч, зардубал өңдүүлөр сайма буюмдарын кооздоодо төртбурчтук формасындагы оймолордон пайдаланылат. Саймаларда өсүмдүктөр өңдүү сүрөттөр, хан, гулбанд, гүлдестелер көп кездешет. Сайма саюу Республикабыздын Бухара, Самарканд, Нурата, Шахризабз, Ташкент шаарларында кең таралган.




1. Жогорудагы сүрөттө түшүрүлгөн оймо-чиймелин көркөм үлгүсү кандай иштелген?
2. Аны кооздоодо кандай оймо-чийменин түрлөрү жана жасалга гүлдөрүнөн пайдаланылган?




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Төрт бурчтуу оймо-чийменин үлгүлөрү.








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Оймо-чиймөнин ар түрдүү жасалга гүлдөрү.**




Жалбырак



бадам



бофта



калемпир



маргула




үч жалбырак



көп жалбырак



жоогазын



ромашка




пахтагүл



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Жөнөкөй төрт бурчтуу оймо-чиймелердин үлгүлөрү.**




Жогорудагы оймо-чиймелерде кандай жасалга гүлдөрүнөн пайдаланылган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Төрт бурчтуу оймо-чиймени долбоору (чертёжу).**



1. Сары түстүү кагаздын барагын 8 бүктөп, ромашка оймо-чийме жасалга гүлүн чийип ал.
2. Бүктөлгөн кагазды чийилген гүл боюнча кырк. Натыйжада 8 ромашка пайда болот.
3. Ушуга окшош жашыл түстүү кагаздан 8 жасалга жалбырак кыркып ал.
4. Жогоруда берилген оймо-чиймени бирин танда. Кыркып алынган жасалга гүлдөрүн кызыл түстүү кагаздын үстүнө жайгаштырып, төрт бурчтуу оймо-чийме иште.

Эскертүү. «+» белги менен ромашканын, «—» менен «жалбырак»тын орду белгиленген.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE









1. Жогорудагы буюмдарда кандай жасалга гүлдөрү иштетилген?
2. Аларда жол сымал оймо-чиймелер да иштетилгенби?

1. Класста иштеле баштаган төрт бурчтуу оймо-чиймени аягына чыгар.
2*. Жол сымал жана төрт бурчтуу оймо-чиймелердин негизинде жоолук үчүн оймо-чийме даярда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 8 "ТООДО КҮЗ" ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ



Т. Абдурахманов. *Күз.*

1. Т. Абдурахмоновдун "Күз" аттуу чыгармасына мыктылап байкоо жүргүз. Анда эмнелер сүрөттөлгөн?
2. «Тоодо күз» темасында аңгеме түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Түстүү сүрөт композициясы негизги жана жардамчы элементтерден (бөлүктөрдөн) турат.

Негизги элемент, адатта, ортодо сүрөттөлөт. Калган жардамчы элементтер негизги элементтин тегерегинде жайгаштырылат.



Бул жерде негизги элемент — күн карама, ал эми жардамчы элементтер — бал аарылар. Эгерде күн карама алып ташталса, композиция өз мазмунун жоготот.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Тоодо күз» темасында сүрөт тартуунун баскычтары

1



Сүрөттү кагазга жайлаштыр.

2



Карандаш менен эскизин чийүү.

3



Ачык түстөрдө тарт.

4



Тоолордо сүрөт тартуу.

1. Берилген сүрөтчүнүн чыгармасы жана «Тоодо күз» темасындагы сүрөт тартуу баскычтары негизинде сүрөт тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Күз мезгили, адатта, кайсы түстөр менен сүрөттөлөт? Төмөнкү сүрөттөрдүн кайсы биринде күз мезгили сүрөттөлгөн?
2. Композициянын кандай элементтери бар? 3-сүрөттөгү негизги жана жардамчы элементтерди аныкта.

1



2



3



4





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Класста иштелген «Тоодо күз» темасындагы сүрөттү аягына чыгар.
2*. «Күз» деп аталган сүрөт тарт.

**Инагамов Закир** (1919 – 1996) — Өзбекстан эл сүрөтчүсү. Анын чыгармалары каармандарынын элестери жандуу туюнтулушу менен көңүлдү өзүнө тартат. Инагамовдун белгилүү чыгармалары: «Энелик», «Күз», «Талаада эртең мененки тамак», «Кырманда», «Маш буурчак түшүмү», «Арал» жана башкалар.



З. Инагамов. *Чайга.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 9 АРАЛЫК КӨЗӨМӨЛ САБАГЫ

## I. Тест суроолору:

**1.** Негизги түстөр кайсы катарда берилген?


А 


Б 


В 


Г 

**2.** Кайсы оймо-чиймени эки жасалга гүлү бар?

А 

Б 

В 


Г 





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**3.** Кайсы түстөрдүн жуптугу контрасттуу эмес?


А 


Б 


В 


Г 

**4.** Кайсы оймо-чиймenin негизи (фону) жана жасалга гүлүнүн түсү туура тандалбаган?

А 

Б 

В 

Г 

**5.** Кайсы сүрөттө рельефтүү айкел сүрөттөлгөн?

А 

Б 

В 

Г 

## II. Тапшырма.

«Пахта талаасында» деп аталган сүрөтүндүн негизинде аңгеме куруп бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# II ЧЕЙРЕК



**Бул чейректе сен:**

- кыш пейзаждарын тартууну;
- апликациялар иштөөнү;
- айкелдер композициясын түзүүнү жана иллюстрацияларды иштөөнү үйрөнөсүң.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 10 ТАБИЙГЫЙ МАТЕРИАЛДАРДАН ЖАНЫБАРЛАРДЫН СҮРӨТҮН ТАРТУУ (АППЛИКАЦИЯ)

Табийгый материалдар



1. Аппликация үчүн бир гана төгүлгөн жалбырактар пайдаланылат.
2. Аларды чаңдары тазаланылат.
3. Жалбырактар эски газеталар топтому ортосуна коюп бастырылат жана кургатылып алынат.
4. Мындай жалбырактар өтө тез сынгандыктан, аларды этияттык менен пайдалануу керек.
5. Уруктар муздак сууда жуулуп жана кургатып алынат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Аппликация** — ар түрдүү түстөгү кагаз жана кездеме бөлүктөрүн кагазга чаптоо жолу менен алынган сүрөт.

## Аппликация жасоо үчүн зарыл болгон буюмдар.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Көпөлөк аппликациясын жасоо баскычтары.

Көпөлөктөрдө эки жуп канат болот. Алар бири-бирине абдан окшойт. Денеси назик жана узунураак, муруттары абдан назик, көздөрү болсо кичинекей болот.




Эки эң сулуу бир түрдүү жалбырактар канаттары үчүн тандалат.




Астыңкы канаттары үчүн кичигирээк жалбырактар тандалат.




Денеси үчүн назик узун жалбырак туура келет.




Көздөрү үчүн эки бирдей урук тандалат. Муруттары үчүн жалбырак бөлүкчөлөрүнөн пайдаланылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5



Бардык жалбырактар негизинен көпөлөк формасында жайлаштырылат.

6




Ар бир бөлүк желим менен чапталат.

## Коён аппликациясын жасоо баскычтары


Коёндун кулактары узун, маңдайы жазы, алдыңкы буттары арткы буттарынан чоңураак болот.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Коёндун кулактары, башы, маңдайы, денеси, буттары үчүн жалбырактар тандалат. Мурун жана көздөрү үчүн уруктардан пайдаланылат.




Бардык дене түзүлүшүн жакындаштырабыз.




Бардык дене түзүлүшү желим менен чапталат.





Бардык дене бөлүктөрүнү жүзө бетке чапталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5



Даяр болгон аппликацияны папкага салып, үстүнөн китеп же башка нерсе менен бастырып коёбуз.

1. Аппликация деген эмне?
2. Аппликация жасоо баскычтарыны айтып бер.

Берилген аппликацияны жаса. Кичигерээк жалбырактар болбосо, чоң жалбырактардан кесип ал. Көздөрү жана муруту үчүн уруктардан пайдалан.



**1.** Класста иштелип жаткан арстандын аппликациясын аягына чыгар.

**2*.** Каалаган эки жаныбардын аппликациясын иште.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 11-12 «КЕЧ КҮЗ» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТ.



*З. Инагамов. Күз*


Жогорудагы сүрөттө чагылдырылган күздүн көрүнүшүнө кунт коюп байкоо жүргүз. Сүрөтчү кайсы түстөрдөн пайдаланган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Дарактарды сүрөттөө баскычтары.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Кеч күз пейзажын тартуунун баскычтары.











Күзүндө аба-ырайы бат-бат өзгөрүп турат. Өзүңдүн байкоолоруңдун жана түшүнүктөрүңдүн негизинде жаратылыш пейзажын күнөстүү ачык аба, ошондой эле шамалдуу жана булуттуу аба мезгилин тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1.** Сүрөтчү Рахим Ахмедовдун төмөндөгү «Күз табиатынын пейзажы» деген чыгармасын сүрөттөп бер.



Р. Ахмедов. *Күз табиатынын пейзажы.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2. Аба-ырайы табиятты сүрөттөөчү түстөргө кандай таасир кылат?
3. Күн жаркырап турган ачык күндө күз пейзажын иштөө үчүн кайсы түстөрдөн пайдаланган болор элең? Бүркөө күндөчү?

1. Класста тартылган «Күз пейзажы» сүрөтүн гуашь, же акварелде боё.
2*. «Жамгырлуу күн» темасында сүрөт тарт.



Н.Г. Карахан. *Күз.*

**Карахан Николай Григорьевич** (1900–1970)— Өзбекстан эл сүрөтчүсү. Чыгармаларында өзбек элинин турмушун жана эмгегин, ошондой эле табият пейзаждарын түстүү сюжеттерде чагылдырган. Ал пейзаж жанрындагы «Нанай жолу», «Гүлдөгөн өрөөн», «Соңку нур», «Күз» жана башка чыгармалары менен белгилүү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 13 «ТАШБАКА МЕНЕН ЧАЯН» ТАМСИЛИНИН НЕГИЗИНДЕ СҮРӨТ ТАРТУУ



1. «Ташбака менен чаян» тамсилин окуп чык.
2. Жогорудагы сүрөттө тамсилдин кайсы сюжети сүрөттөлгөн?

## «Ташбака менен чаян» тамсили

(Гүлханийдин «Зарбулмасал» чыгармасындагы тамсилдин мазмуну)

Ташбака менен чаян сапарга чыгышат. Жолдо алар чоң дарыяга туш келишет. Ташбака суудан чаянды



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алып өтүп жакшылык кылайын дейт да чаянды жонуна мингизип алат. Дарыянын ортосуна келгенде чаян тынчсыздана баштайт. Ташбака мунун себебин сураганда, ал найзасын ташбакага сайып, сынап көрмөкчү экендигин айтат. «Чаяндын иши дос болсун, же душман болсун, ага найзасын сайып алуудан турат», — дейт. Ташбака болсо, анда менин да суу үстүндө жүрүшүмдөн пайда жок, менин ишим дарыянын асыл таштарына суктануу, деп дарыянын түбүнө чумуйт.

Ошентип, ташбака таш терүүгө, чаян болсо жан берүүгө кетти. Жакшылыкка — жамандык, деп ушуну айт.

**Макал**

Жакшыга жанаш, жамандан адаш.


**Иллюстрация** — тексттин мазмунун толтуруучу, же көргөзмөлүү чагылдыруучу сүрөт.

**Ташбаканын сүрөтүн тартуунун баскычтары.**

1



2






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3



4



**Чаяндын сүрөтүн тартуунун баскычтары.**


1



2



3



4



«Ташбака менен чаян» тамсилинин негизинде сүрөт тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1. Иллюстрация деген эмне?
2. Окуу китебиңдеги ар түрдүү чыгармаларга иштелген иллюстрацияларды аныкта.

1. «Ташбака менен чаян» тамсилине иштелген иллюстрацияны акварелде боё.
2*. Өзүң сүйгөн жомокко иллюстрация иште.



**Камалиддин Бекзад**
(1455 — 1536)



*Сүрөтчүнүн чыгармаларынан үлгү*

**Камалиддин Бекзад** — Чыгыштын улуу сүрөтчүсү. Ал А. Наваий, Бабыр жана башка акындардын чыгармаларына иллюстрация иштеген. Бекзад «Султан Хусайин сарайында зыяпат», «Доро жана ат багуучулар», «Аалымдардын маеги», «Мечиттеги талаш-тартыш» жана башка чыгармалары менен таанымал.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 14 «НАСРИДДИН АПЕНДИ» ТЕМАСЫНДА АЙКЕЛ ЖАСОО



*Бухара шаарындагы Насриддин Апендинин айкели.*

Өзбек элдик оозеки чыгармачылыгында уламышка айланган элдин сүйүктүү жана куунак каарманы — Насриддин Апендинин образы маанилүү орунду ээлейт. Ал турмушта жашап өтпөгөн болсо да, элибиз ал жөнүндө сансыз анекдотторду ойлоп тапкандан талыкпайт. Насриддин Апендинин образы көркөм сүрөт өнөрүнө ушул анекдоттор аркылуу кирип келген.

Жогорудагы айкелде Насриддин Апенди кандай сүрөттөлгөн?

**Скульптуралык композиция** — бул бир теманын негизинде иштелген жана жайгаштырылган айкелдердин тобу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Насриддин Апендинин айкелин жасоонун баскычтары.

1


2


3


4


5


6


## Эшектин айкелин жасоонун баскычтары.

1


2




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE















Насриддин Апенди менен анын эшеги катышуусундагы бир сюжетти көз алдыңа келтир. Сюжеттин негизинде скульптуралык композиция түз жана ага ат кой.

## Апенди мерген

Апенди мергенмин деп мактанып жүрчү. Бир күнү падыша аны ууга алып чыкты. Бир жерде оттоп жүргөн кийикке кезигишти. Апенди дароо жаадан ок аткан эле, ката кетти. Апенди кыжалат болуп, падышага карап:

— Бул сиздин ок атышыңыз, — деди.

Апенди дагы ок атты. Ал да ката кетти.

— Бул увазириңиздин ок атышы, — деди.

Үчүнчү жолу ок аткан эле, кийикке тийди.

— Мына бул молдо Насриддиндин ок атуусу, — деди Апенди



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Насириддин Апендинин жоруктары негизинде жасалган айкел.**



1. Жогорудагы айкелдин мазмуну жана түзүлүшү жөнүндө сүйлөп бер?
2. Дар оюндарыны көргөнсүңбү? Көргөндөрүң жөнүндө сүйлөп бер?

1. Класста иштеле баштаган скульптуралык композицияны аягына чыгар.
2*. Бир тамсилдин мазмунунан келип чыгып, класста иштелген айкелдерден пайдаланып, жаңы композиция түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 15 «ДАРБАЗ БАЛА» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ИШТӨӨ



1. Жогорудагы сүрөттө кимдер сүрөттөлгөн?
2. Дар оюндарын көргөнсүңбү? Көргөндөрүң жөнүндө сүйлөп бер.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Дар оюну

Дарбаздык – бийик дар үстүндө оюн тамаша көрсөтүү өнөрү болуп саналат. Ал байыркы тарыхка ээ. Өзбек дарбаздары 25-30 метр мамыга тартылган аркандын үстүндө узун жыгач менен оюн көрсөтөт. Дарбаздар чуркоо, секирүү, буттарына бычак же патнис байланган абалда, ошондой эле көзүн байлап аркандын үстүндө көнүгүүлөр аткарат.

Дар оюндары жана дар астындагы бийчилердин оюндары, куудулдардын чыгуулары ошондой эле цирк оюн түрлөрүнөн жыгач бут, колго үйрөтүлгөн аюу, жылан, маймыл ойнотуу, ат оюндары менен бирге алып барылат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Дарбаз бала сүрөтүн тартуу баскычтары.



Сүрөттү кагазга жайлаштыруу.



Калемде үстүрттөн тартуу.



Ачык түстөрдө тартуу



Ток түстөрдөн пайдаланып тартуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Дарбаз бала» темасында сүрөт тартуу.



1. Дарбаздык өнөрү жөнүндө дагы эмнелерди билесиң.


1. Класста башталган «Дарбаз бала » темасында сүрөт тартууну аягына чыгар.
2*. «Дарбаз бала » деп аталган айкелдер композициясын тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 16 «ӨЛКӨБҮЗДӨ КЫШ» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ



Р. Кудайбергенов. *Кыш пейзажы.*

1. Жогорудагы сүрөттүн жана өз түшүнүктөрүңдүн негизинде кыш мезгили жөнүндө аңгеме баяндап бер.
2. Кыш мезгилинин эң негизги өзгөчөлүктөрүн айтып бер. Алар сүрөттө кандай түстөрдө сүрөттөлгөн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Өлкөбүздө кыш

Эртең мененки күн өзүнүн алсыз, алтын нурларын чачуууда. Айлана-чөйрө аппак карга бөлөнгөн. Дарактар аппак тон кийген. Үйлөрдүн морусунан түтүн чыгууда. Суук шамал түтүндөрдү алыстарга учуруп кетүүдө. Аяз үйдүн терезелерине оймо-чиймелерди чийген.

«Өлкөбүздө кыш» аңгемесин оку жана анын негизинде кышкы көрүнүштүн эскизин чий.

1



Б. Домашников. *Кыроо.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

2



Х. Розметов. *Кыш.*

3



З. Аскаров. *Хива. Кышкы пейзаж.*

72–73-беттердеги сүрөттөрдүн кайсы бири төмөндөгү ырдын мазмуна ылайык келет?

Келе берсин аппак кар,
Муз тебели, курдаштар.
Аппак кебез — аппак кар,
Ак кар, сенде алтын бар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Сүрөттү байкап андан ыракаттануу ал.



И. Бахрамов. *Кышкы күн.*

1. Класста тартыла баштаган «Өлкөбүздө кыш» сүрөтүн салкын түстөрдө боё.
2*. Элестетүүңдүн негизинде «Кар жаап жатат» деп аталган сүрөт тарт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 17 АРАЛЫК КӨЗӨМӨЛ САБАГЫ


## I. Тест суроолору:

**1.** Төмөнкү берилген көркөм сүрөт өнөрү чыгармаларынын түрлөрүн аныкта.

А 

Б 

В 

Г 

1. Аппликация;
2. Айкелдер композициясы;
3. Пейзаж;
4. Декоративдүү композиция.

**2.** Кыш пейзажын сүрөттөөдө негизинен кайсы түстөрдөн пайдаланылат?

А Жылуу түстөр. Б Негизги түстөр.

В Салкын түстөр. Г Контрасттуу түстөр.

**3.** Фантазия деген эмне?

А Ойдон чыгаруу. Б Табиат пейзажы.


В Оймо-чийме. Г Кандайдыр бир чыгармага иштелген сүрөт.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**4.** Ушул жасалга гүлү кайсы төрт бурчтуу оймо-чиймеге таандык?






**5.** Берилген сүрөт көркөм сүрөт өнөрүнүн кайсы түрүнө таандык?



А Иллюстрация. Б Айкел. В Пейзаж. Г Натюрморт.

## II. Тапшырма.

«Өлкөбүздө кыш» темасында тарткан сүрөтүңдүн мазмунун айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# III ЧЕЙРЕК



**Бул чейректе сен:**

- кыш мезгилининдеги балдар оюндарынын өзүнө мүнөздүү жактарын сүрөттөөнү;
- жаз көрүнүшүн жана Нооруз майрамын сүрөттөөнү;
- жомок каармандарын сүрөттөөнү;
- татаалырак натюрморт композициясына чийүүнү үйрөнөсүң.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 18 «КЫШКЫ ОЮНДАР» ТЕМАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ



1. Сүрөттө жылдын кайсы мезгили чагылдырылган?
2. Балдар кышкы каникулда кандай оюндарды ойношот?
3. Кыш мезгилин сүрөттөөдө кайсы түстөр көбүрөөк иштетилген?




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Кардан киши жасоонун баскычтары.

1



2



3



4






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Э.Базаровдун “Биринчи кар” деп аталган чыгармасына байкоо жүргүз жана анын мазмунун сүйлөп бер.

**Сүрөттөн ырахаттан.**



Э. Базаров. *Алгачкы кар.*



